Сауле

Эс алып Беш-Таш, Таластан

Келе жатып жолдон адашкам

Тагдырлар болуп кайчылаш

Жолукту мага Тараздан

Керемет көз дедим, көз дедим

Дароо эле өзү дедим, өзү дедим

Сүйлөсө көкөлөдү көңүлүм да

Бал ширин сөзү дедим, сөзү дедим

Казак кыз, аты - Сауле

Мойнунда калы бар эле

Ага окшош кызды таппай жүрөм

Тандап, тандап дагы эле

Күлгөнү көркөм жаз эле

Мүнөзү жибек, наз эле

Айтор, бир башка, өзгөчө бир жан эле

Ай, Сауле, эх, Сауле

Биз жүрдүк ойноп тамаша

Кыналып сезим жанаша

Бөлүнсөк эки көз ирмем

Сагынып кайра самаша

Көңүлүң бөлөм дедиң, бөлөм дедиң

Болбосо көрөм дедиң, көрөм дедиң

Ээрчишип эгер кетсе мени менен

Ошондо өбөм дедим, өбөм дедим

Казак кыз, аты – Сауле

Мойнунда калы бар эле

Ага окшош кызды таппай жүрөм

Тандап, тандап дагы эле

Күлгөнү көркөм жаз эле

Мүнөзү жибек, наз эле

Айтор, бир башка, өзгөчө бир жан эле

Ай, Сауле, эх, Сауле

Казак кыз, аты – Сауле

Мойнунда калы бар эле

Ага окшош кызды таппай жүрөм

Тандап, тандап дагы эле

Күлгөнү көркөм жаз эле

Мүнөзү жибек, наз эле

Айтор, бир башка, өзгөчө бир жан эле

Ай, Сауле, эх, Сауле